# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

## С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

## Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжи

| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
| --- | --- |
| Колледждин окуу иштери боюнча директордун орун басары Чоробек кызы А. | Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин директору Осмонова.Б.М |
| ________________ | ________________ |
| “14” 01 2025 ж. | “14” 01 2025-ж. |

# ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

## Манас таануу

Адистиги: **230111 “Компьютердик системаларды программалоо”**
**050303 “Чет тили”**
**100105 “Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу”**

Квалификациясы: **Техник-программист**
**Чет тили мугалими**
**Менеджер**

Окутуу формасы: **күндүзгү**

**Нарын -2025**

Дисциплиналардын жумушчу программасы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын жана баштапкы жана орто кесиптик билим берүү уюмдары үчүн түзүлгөн программага ылайык түзүлдү

**Программаны иштеп чыккан**: Жантаев А.С.
Турдубек к. М.

Окуу методикалык кеңешинин жыйынында каралып жактырылды

Протокол №____ "14" ______01______ 2025-жыл

Методикалык кеңешменин төрайымы __________ Чоробек кызы Айзат

Жалпы билим берүү циклынын жыйынында каралып жактырылды
Протокол № 3 "10" ______10______ 2025-жыл

Жалпы билим берүү циклдын жетекчиси __________ Турдубек кызы Мунара

**Мазмуну**

1.Аннотация

2.Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты жана милдеттери

3. Дисциплинаны окуп - үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптандырыл- ган компетенциялар

4.Дисциплинаны окутуунун билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжалары менен катнаштырылган мерчемделген натыйжалары

5.Окуу дисциплинасынын мазмуну жана түзүмү

5.1. Окуу дисциплинасынын түзүмү

5.2. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну

6. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

7.Жетишүүнүн күндөлүк текшерүүнүн, арадагы аттестациянын жана окуу дисциплинасында ишке ашырылуучу компетенциялардын баалоочу каражаттары

8. Окуу дисциплинасы боюнча текшерүүчү-баалоочу ишмердүүлүктү уюштуруу

9.Студенттин дисциплина боюнча модулдагы, баа коюлуучу зачеттогу жоопторун баалоо

10.Калтырылган сабактарды кайра тапшыруунун формалары жана түрлөрү

11.Дисциплинанын окуу - усулдук жана маалыматтык камсыздоосу

12. Окуу дисциплинасынын материалдык – техникалык камсыздоосу

## 1.Аннотация

“Манас таануу” дисциплинасы 230111 – “Компьютердик системаларды программалоо”, 050303 “Чет тили” жана 100105 “Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу” адистиктеринин окуу планында “Жалпы билим берүү” дисциплинасынан орун алган.

Аны окутууга бөлүнгөн сааттардын жалпы саны 4-семестр үчүн - 36, 18 саат лекция жана 18 сааты практикалык сабакты түзөт.

**Кыскача мазмуну**:

**Киришүү**

«Манас» эпосу – дүйнөдө тендеши жок улуу эпос. Көлөмү жагынан да, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү жагынан да, эл турмушун, тарыхый баатырдык окуяларды жеткиликтүү көркөм чагылтуу жагынан да, жүздөгөн каармандардын образдарын көркөм, элестүү сүрөттөп берүү жагынан да дүйнөдө эч бир эпос теңтайлаша албаган жападан жалгыз рухий кенч. Мына ушул руханий керемет дөөлөттүн автору – кыргыз элинин. Ошондуктан кыргыздын ар бир айылында «Манас» айтпаган, «Манастан» эки ооз сапты билбегендерди табуу кыйын. «Манас» – кыргыз элинин руханий гана, маданий гана кенчи болбостон, кыргыз тарыхы, санжырасы, улуттук идеологиясы. Кыргыз турмушунун энциклопедиясы.

Улуу эпос элибиздин кан-жаны менен бирге жаралып, эл башынан кечирген тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде көркөм сөз өнөрүнүн эң бийик туу чокусу болгон манасчылардын (жомокчулардын) табият тартуулаган сырдуу талантынын, көп жылдык тажрыйбасынын аркасында калыптанып, биздин күндөргө жетти. «Манас» – мезгил закымдаган сайын улам такталып, толукталып, артыкбаш жүктөрдөн бошонуп, кошумчаларды, алымчаларды кабыл алуу менен, аларды тулку боюна сиңирип, өмүр көчүн алга сүрөгөн ыйык рух жана купуя сыр. Адам баласы чаалыгып чарчаганда, кубат берген кудуреттүү күч, өзүнчө ажайып дүйнө, түгөнгүс байлык, «Манас» эпосу бүгүнкү күндө көз кайкыган бийиктигине жеткен көркөм чыгарма.

Улуу «Манас» эпосунда ата-бабаларыбыздын кылымдар бою топтоштурулган коомдук, адеп-ахлактык, рухий асыл нарктары, бийик гуманисттик идеялары, тарыхы, үрп-адаты, каада-салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүгү, эл аралык мамилелери, ошондой эле келечекке карата умтулуулары, утопиялары жана фантазиялары чагылдырылган.

Мына ушул көөнөрбөс кенчибизди оозеки жомок катары айтчу доорлор аяктап калды. Эми «Манасты» айтып, илимий жактан терең изилдеп, түпкүрүндө ачылбай жаткан катмарларын ачуучу доор келди. Ошондуктан бул курстун максаты жана милдети – «Манасты» ар тараптан изилдеп үйрөнүүгө студенттерди багыттоо.

Жогорку (атайын орто) окуу жайларында манастаануу курсун үйрөнүү объектиси – көркөм сөз өнөрүнүн туу чокусу, кыргыз элинин коомдук турмушунун энциклопедиялык жыйнагы, дүйнөлүк көчмөн цивилизациянын кенчи, эпос чагылдырган доорлор, андагы катышкан жүздөгөн каармандардын баатырдык иш-аракеттери, көркөм образдар дүйнөсү, поэтикасы тууралуу маалымат берүү.

Жогорку (атайын орто) билимге ээ болгон адистердин сөзсүз түрдө кыргыздын коомдук аң-сезимин, турмуштук тажрыйбасын, басып өткөн узак жолун жана тарыхын чагылдырган «Манас» эпосу тууралуу терең түшүнүгү болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Манастаануу курсун окутуудагы дагы бир орчундуу маселе – студенттерди Ата журтун, эл-жерин жан-дили менен сүйүүгө, башка улуттар менен ынтымактуу жашоого тарбиялоо. Элибиздин каада-салттарын, үрп-адаттарын, адеп-ахлактарын терең өздөштүрүү. Эң башкысы – жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү өздөштүргөн, демократиялык аң-сезимди алып жүргөн, улууну урматтап, кичүүнү ызаттаган, ыймандуу, адамгерчиликтүү инсандарды калыптандырууга иштиктүү түрдө көмөктөшүп,

студенттердин жан дүйнөсүнө Манастын патриоттук духун сиңирүү, эл-жерди, мекенди сүйүүгө, ыймандуулукка тарбиялоо болуп саналат.

## 2. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты жана милдеттери

Курстун **предмети** – "Манас" эпосу жөнүндөгү билимдер тутуму болуп саналат.

Манастаануу курсун 1-курстун студенттери 2-семестрде окушат. Курс окутуу системасында өзгөчө орунду ээлейт, анын **башкы максаты** - улуттук көркөм өнөрдүн туу чокусу «Манас» эпосун, анын айтылыш, аткарылыш өзгөчөлүктөрүн, дүйнөлүк маданиятта алган ордун, анын жаралыш доорун, өнүгүш стадияларын, тематикалык, идеялык өзгөчөлүктөрүн, тилин, стилин, поэтикасын, эл арасынан жыйналыш тарыхын, ал ишти улантуу, илимий изилдөө иштерин тереңдетүү, башка тилдерге которуу жумуштарын уланта берүү, эпостун өсүп-өнүгүүсүн, байыркы түпкү негизди сактоо өндөнгөн принципиалдуу маселелерди илимий андап түшүнүү, ага илимий мамилелерди тереңдетүү, манастаануу тууралуу илимдин спецификасын түшүнүүнү өнүктүрүү. Мындан сырткары ар түрдүү адистиктерде окуган студенттердин сүйлөө кебин өнүктүрүү, улуттук адабий мурас менен тереңден тааныштыруу дисциплинанын негизги максаты болуп саналат.

**а) Курстун аты** - манастаануу. Студенттер буга чейин мектеп программасы боюнча эпостун тексти менен толук тааныш болушат, ошондуктан бул курста ошол алган билимдери илимий-теориялык жактан дагы тереңдетилип окутулат. Кыргыз эли эгемендүү мамлекет болгон сон, ата-бабадан бери келген адабий, маданий мурастардын маанисине баа берип, ошол мурастарга кайрылууга туура келди. Аларды калайык-калкка жеткирүү, окуп-үйрөнүү, изилдөө, көркөм котормо, котормо жумуштарын колго алуу башталды. Мурдатан бул ишке пассивдүү мамиле кылынып келген эле. 1980-жылдардын аягынан баштап манастаануу боюнча пайдубалдуу эмгектерди жарыкка китеп кылып чыгаруу, «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбаков вариантынын академиялык басылышында эмгекти өз-өзүнчө китеп кылып жарыялоо, Саякбай Каралаев вариантында айтылган мурасты да жарыялоо, айрым мурда эл арасында, калың көпчүлүккө анча белгисиз манасчылардын айтуусун да китеп кылып чыгаруу колго алынды. Манас энциклопедиясынын 2 томдук китеби да жарык көрдү. Мындай пайдубалдуу эмгек али КМШ мамлекеттеринин эч биреөндө жок. Манастаануу билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык Кыргызстандын ЖОЖдорунун (АООЖдорунун) окуу пландарына киргизилип, жакынкы жылдардан бери өзүнчө дарс катары окутула баштады. Орто мектептердин окуу программаларына өткөндүн мурасы катары «Манас», анын бөлүмдөрүн теориялык жагынан окуп үйрөнүү, практикалык иштерди аткаруу 5-11-класстарда жүзөгө ашырылууда. «Манас» эпосун илимий жактан окуп-үйрөнүү, анын бүткүл дүйнөлүк маани-маңызын мектеп окуучуларынан тартып, ЖОЖдордун (АООЖдордун) студенттерине тереңдетип окутуу кызуу башталды.

**б) Курстун кыскача мазмуну** - Мында төмөндөгүдөй маселелер каралат:

- Манастаануунун өзгөчөлүктөрү: эпосту эл арасынан жыйноо, илимий изилдөө, китеп кылып басмадан чыгаруу, башка тилдерге которуу (көркөм которуу). Бул ишти жүргүзүүдөгү Сайф ад-дин Аксыкенти, Ч. Валиханов, В. В. Радлов, Ы. Абдырахманов, Б. М. Юнусалиев, С. Мусаев, В. М. Жирмунский ж.б. көптөгөн окумуштуулардын, тарыхчылардын, адабиятчылардын «ат көтөргүс» эмгектери;
- Дүйнөлүк маданиятта жана адабиятта «Манас» эпосунун алган орду, «Шах-намэ», «Илиада менен Одиссей», «Махабхарата», «Рамаяна», «Калевала», «Коркут ата», «Алпамыш» жана башка көркөм дөөлөттөр арасында «Манас» эпосунун өзгөчөлүгү.
- Эпикалык поэзиянын өнүгүш доорлору, «Манас» жомогунун эпикалык поэзиянын өнүгүшүнө ага мүнөз берүү таасири. Кыргыз фольклору жана «Манас».
- «Манас» эпосунун генезиси, ал тууралуу М. Ауэзов, Б. М. Юнусалиев, Э. Абдылдаев, А. Н. Бернштам, В. М. Жирмунский ж.б. изилдөөчүлөрдүн ой-пикирлери, жоромолдору, версиялары.

- Эпостун циклизацияланышы. Манасчылар. Манасчылык өнөр. Устат жана шакирт. Манасчылар мектептери. Түш көрүү, аян. Эпостун эпикалык формулалары, салттык өзөктүк окуялардын манасчылардын муундарында ыйык сакталышы.
- Жомоктун көркөм өзгөчөлүктөрү. Бай мазмуну. Андагы бүткүл адамзаттык идеялардын чагылдырылышы. Эпостун реалисттик мүнөздөрү. Эпостун образдар системасы, чыгарманын поэтикалык өзгөчөлүктөрү.
- «Манас» эпосунун искусство чыгармаларында чагылдырылышы, эпостогу улуттук оюндар, «Манастын» географиясы ж.б. маселелер.

в) <u>**Курстун милдети**</u> - программада белгиленип берилген «Манас» эпосунун көркөмдүк жана мазмундук өзгөчөлүктөрүн; манасчылардын феномендик (башка улуттарда, элдерде болбогон) артыкчылыктарын, өмүрүн, чыгармачылыгын, алар жашаган доордун тарыхый-социалдык абалын билүү; чыгарманын сакталышы, варианттальшы, түп нускасы, көчүрмөлөрү, жогоруда айтылгандай изилдениши жөнүндө маалымат алуу; чыгарманын сюжеттик композициялык өзгөчөлүгүн, азыркы кыргыз адабияты, маданияты менен болгон байланышын аныктоо; эпоско арналган эмгектерди окуп үйрөнүү; бул боюнча өз алдынча иликтөө жүргүзүүгө кызыктыруу, курстук, дипломдук иштерди аткарууга тартуу.

Студенттер курсту аяктаган соң алардын билим денгээлине коюлуучу талаптар: кыргыз адабиятын жана фольклорун, анын ичинде «Манас» жана башка эпостордун көөнө тарыхы бар экендигин өзү окуп билген, ынанган жана алган билимин башкаларга жеткире, үйрөтө алгандай болуу; тексттин өзүн, ал жөнүндө жазылган материалдарды окуу менен ар бир вариантты, анын авторун жакшы билүү, өздөштүрүү.

Жогорку (атайын орто) билимге ээ болгон бардык адистердин сөзсүз түрдө кыргыздын коомдук аң-сезимин, турмуштук тажрыйбасын, басып өткөн узак жолун жана тарыхын чагылдырган “Манас” эпосу тууралуу терең түшүнүгү болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Манастаануу дисциплинасынын жумушчу программасы Жусуп Баласагын атындагы КУУнде түзүлгөн окуу программасынын негизги компоненттерине шайкештирилген жана ошол эле ЖОЖдо даярдалган тиешелүү окуу куралдарына негизделген. Бирок илимий чөйрөдөгү, алсак, бул жааттагы эмгектердин мазмуну да эске алынган. Антпесе курстун мазмуну толук болбой калмак. Бир семестр ичинде курс боюнча 16 саат дарстар окулат жана 16 саат практикалык (семинардык) сабактар өтүлөт. Студенттердин үйдөн өз алдынча иштөөсүнө 20 саат калтырылат. Кошумча тизмедеги адабияттар студенттерге семинарларда иштөө жана өз алдынча таанышуу үчүн сунушталат. Курсту окуп-үйрөнүүдө студент адабияттаануучулук энциклопедиялык басылмаларга жана хрестоматияларга да кайрылуусу зарыл.

## 3. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптандырылган компетенциялар

Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн студент жалпы билим берүүчү орто мектепте кыргыз адабияты предмети боюнча алган билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө таянат.

Бул дисциплинанды өткөн соң студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 1-таблицада көрсөтүлдү

**1-таблица**

| Коду | Дисциплинанын аталышы | Семестри | Калыптандырылган компетенциянын коду |
|---|---|---|---|
| Б.1. | Манас таануу | 4 | **ОК-1, ОК-2, ОК-4, ОК-5** |

“Манастаануу” курсу маанилүү дисциплиналардын бири болуп саналат. Курсту окуган соң студенттер тил тазалыгын сактоого, сөз байлыгын, кеп маданиятын өркүндөтүүгө,

эркин ой жүгүртүүгө, алган теориялык билимдерин турмушка колдоно билүүгө калыптанышат.

## 4.Дисциплинаны окутуунун билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжалары менен катнаштырылган мерчемделген натыйжалары

**2-таблица**

| Коду | Компетенциянын мазмуну |
|---|---|
| **ОК-1** | Өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштура билүү, кесиптик милдеттерди аткаруунун ыкмаларын жана жолдорун тандап алуу, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо |
| **ОК-2** | Маселелерди чечет, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда чечим кабыл алат, демилгени жана жоопкерчиликти көрсөтөт. |
| **ОК-4** | Кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу |
| **ОК-5** | Командада иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик, кадрлар менен эффективдүү баарлаша билүү |

**Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар:**

Циклдин базалык бөлүгүн окутуунун натыйжасында бүтүрүүчү (студент) билет:

- “Манас” эпосу тууралуу илимдин (манастаануунун) таржымалын;
- Дүйнөлүк маданиятта жана адабиятта “Манас” эпосунун алган ордун;
- Эпостун көркөм өзгөчөлүктөрүн;
- Эпостун искусство чыгармаларында чагылдырылышын.
- Манасчылык өнөр жана манасчылар жөнүндө:
- Эпостун кыргыз эли ошондой эле казак элинде изилденишин
- Белгилүү манасчылардын өмүрү жана чыгармачылыгын

## 5.Окуу дисциплинасынын мазмуну жана түзүмү

### 5.1 Окуу дисциплинасынын түзүмү

**3-таблица**

**(Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу)**

| Дисциплинанын коду | Семестри | Аудиториялык сааты | СӨИ сааты | Жалпы сааттар | Отчеттуулук (зачет, экзамен) |
|---|---|---|---|---|---|
| Б.1.<br>Манас таануу | 4 | 36 | | | Экзамен |

### 5.2. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну

Дисциплинанын мазмунун чагылдыруучу, окуу иштеринин түрлөрү боюнча түзүмдөлгөн жана окуу планына ылайык алардын көлөмдөрүн көрсөткөн календардык-тематикалык план **4-таблицада** берилген. Студенттерден мына ошол мазмунду толук өлчөмдө өздөштүрүү талап кылынат:

**Манас таануу 4-семестр**

| **Бөлүмдөр менен темалардын аталышы** | **Лекциялар менен практикалык сабактардагы окуу материалынын мазмуну, аларды окутууда колдонулуучу технологиялар, студенттин өз алдынча иши** | **Сааттардын саны** |
|---|---|---|
| **1-тема:**<br>**Манас таануу - фольклористика илиминин бир тармагы.**<br>**Манастаануу – илим катары жана анын өзгөчөлүктөрү** | **Лекциянын мазмуну:**<br>1. Манас таануу илим катары<br>2. Фольклор тууралуу маалымат<br>3. Фольклордун жанрлары<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Илгерилетилген лекция<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Фольклордун түрлөрүн окуп келүү | **2 саат** |
| **2-тема:**<br>**«Манас» эпосунун жаралышы жөнүндө. «Манас» – кыргыз элинин эпикалык улуу мурасы** | **Практикалык сабактын мазмуну:**<br>1.Эпостун жаралышы жөнүндө<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Кичи топтордо иштөө<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>«Манас» – кыргыз элинин эпикалык улуу мурасы (баяндама) | **2 саат** |
| **3-тема:**<br>**«Манас» эпосун эл оозунан жыйноо, бастырып жарыялоо жана изилдөө иштери** | **Лекциянын мазмуну:**<br>1. «Манас» эпосун изилдөөнүн азыркы абалы.<br>2. Эпосту бастырып жарыялоо, изилдөө иштери<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Кайчылаш дискуссия<br>**Студенттин өз алдынча иши:** | **2 саат** |
| **4-тема:**<br>**«Манас» эпосунун кыргыз окумуштуулары тарабынан изилдениши** | **Практикалык сабактын мазмуну:**<br>1. «Манас» эпосу боюнча изилдөөлөр менен тааныштыруу<br>Эпосту изилдеген кыргыз окумуштуулары<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Түрдүү булактар боюнча баяндама<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Эпосту изилдеген кыргыз окумуштуулары (презентация) | **2 саат** |
| **5-тема:**<br>**«Манас» эпосунун казак окумуштуулары тарабынан изилдениши.** | **Лекциянын мазмуну:**<br>1. Ч.Валихановдун эпосту изилдөөсү<br>2. “Көкөтөйдүн ашы” кагаз бетине түшүрүлүшү | **2 саат** |

| | | |
|---|---|---|
| **Ч.Валиханов жана "Манас" эпосу** | **Колдонулуучу технология:**<br>Жуптарда иштөө<br>**Студенттин өз алдынча иши:** | |
| **6-тема:**<br>**В.В.Радлов жана "Манас" эпосунун Европада таанылышы.** | **Практикалык сабактын мазмуну:**<br>1. В.В.Радлов өмүрү, чыгармачылыгы<br>2. Ч.Валиханов жана В.Радловдун эпосту изилдөөдөгү айырмачылыктары жана окшоштуктары<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Венндин диаграммасы<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Ч.Валиханов жана В.Радловдун эпостогу изилдөөлөрүн салыштыруу | **2 саат** |
| **7-тема:**<br>**«Манас» эпосунун салттуу сюжети жөнүндө.**<br>**«Манас» эпосу жана анын бөлүмдөрү** | **Лекциянын мазмуну:**<br>1. «Манас» эпосунун сюжети<br>2. Идеялык мазмуну, көрком образдарынын сүрөттөлүшү<br>3. Эпостун бөлүмдөрү<br>4. Манастын төрөлүшү жана балачагы;<br>5. Манастын жаштык жылдары же анын Каныкейге үйлөнүшү;<br>6. Чоң казат жана Манастын өлүмү.<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Түрдүү булактар боюнча баяндама<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Эпостун сюжети менен таанышуу | **2 саат** |
| **8-тема:**<br>**"Манас" эпосунун каармандарынан алган сабактарыбыз.** | **Практикалык сабактын мазмуну:**<br>1. Эпостогу башкы каармандар Каармандардын үлгү алуучу сапаттары<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Аналитикалык жалпылоо<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Эпостогу каармандар боюнча эссе жазуу | **2 саат** |
| **9-тема:**<br>**«Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракеси (1995-жыл) жана анда кабыл алынган жети осуят** | **Лекциянын мазмуну:**<br>1. «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесинин дүйнөлүк тарыхый мааниси жана анын кыргыз элинин маданиятында алган орду.<br>2. «Манас» эпосундагы жети осуят<br>**Колдонулуучу технология:**<br>"Биргелешип издөө" дискуссиясы<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>«Манас» эпосундагы жети осуятты жаттоо | **2 саат** |

| | | |
|---|---|---|
| **10-тема:**<br>**“Кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым”. “Манас” эпосундагы улуу сөзгө баяндама** | **Практикалык сабактын мазмуну:**<br>“Кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым” баяндама жазуу<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Түрдүү булактар боюнча баяндама<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Баяндама жазуу | **2 саат** |
| **11-тема:**<br>**Манасчылык өнөр жана легендарлуу манасчылар** | **Лекциянын мазмуну:**<br>1. Манасчынын кереметтүүлүгү, анын кыргыздардын турмушундагы ролу менен орду жөнүндө<br>2. Эпосту айтуудагы салттуулук, жамааттуулук<br>3. Түш көрүү, устат жана шакирт<br>**Колдонулуучу технология:**<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Ысымы уламышка айланган манасчылар (презентация) | **2 саат** |
| **12-тема:**<br>**Сагынбай Орозбаковдон “Манастын” жазылып алынышы** | **Практикалык сабактын мазмуну:**<br>1. Сагынбай Орозбаковдун өмүрү жана чыгармачылыгы<br>2. “Манастын” жазылып алынышы<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Топтордо иштөө<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Сагынбай Орозбаковдун өмүрү жана чыгармачылыгын окуп келүү | **2 саат** |
| **13-тема:**<br>**«Манас» эпосу жана Саякбай Каралаев** | **Лекциянын мазмуну:**<br>1. Саякбай Каралаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы<br>2. Саякбай Каралаевдин аяны<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Венндин диаграммасы<br>**Студенттин өз алдынча иши:** | **2 саат** |
| **14-тема:**<br>**Манас айтуунун бүгүнкү күндөгү мааниси. Азыркы манасчылар** | **Практикалык сабактын мазмуну:**<br>1. Манас айтуунун бүгүнкү күндөгү мааниси.<br>2. Азыркы манасчылар<br>**Колдонулуучу технология:**<br>“Биргелешип издөө” дискуссиясы<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Азыркы манасчылар (презентация) | **2 саат** |
| **15-тема:** | **Лекциянын мазмуну:**<br>1. «Манас» эпосунун сюжеттери жана образдары кыргыз драматургиясында | **2 саат** |

| | | |
|---|---|---|
| **«Манас» эпосунун мотивдери искусствонун башка түрлөрүндө** | 2. «Манас» эпосунун мотивдери кыргыз музыкасында<br>3. «Манас» эпосу кыргыз сүрөт өнөрүнүн көркөм өнүгүүсүнө зор таасир тийгизиши<br>Эпостун мотивдеринин кино өнөрүндө көркөм иштелишинин бүгүнкү абалы<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Түрдүү булактар боюнча баяндама<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>«Манас» эпосунун мотивдери искусствонун башка түрлөрүндө<br>Темасында студент өздүк ишин жазуу | |
| **16-тема:**<br>**Эпосто чагылдырылган улуттук оюндар жана каада-салттар** | **Практикалык сабактын мазмуну:**<br>1.Эпосто чагылдырылган улуттук оюндар менен тааныштыруу<br>2.Эпосто чагылдырылган элдик каада-салттар жөнүндө билимдерди калыптандыруу.<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Топтордо иштөө<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Эпосто чагылдырылган улуттук оюндар (презентация) | **2 саат** |
| **17-тема:**<br>**Евразия мейкиндигиндеги Манас ысымындагы жер-суу аттары.** | **Лекциянын мазмуну:**<br>1.Кыргызстандагы Манас ысымындагы жер-суу аттары менен тааныштыруу<br>2.Дүйнөдөгү Манас ысымындагы аталыштар менен тааныштыруу.<br>**Колдонулуучу технология:**<br>Кайчылаш дискуссия<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Кыргызстандагы Манас ысымындагы жер-суу аттары | **2 саат** |
| **18-тема:**<br>**Кайталоо. Суроолор жана тапшырмалар** | **Практикалык сабактын мазмуну:**<br>1.Өтүлгөн темалар боюнча кайталоо<br>**Студенттин өз алдынча иши:**<br>Өтүлгөн темалар боюнча кайталоо | **2 саат** |
| | **Жалпы 36 саат** | |

## 6. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

«Манастаануу» окуу дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда негизинен дарс технологиясы басымдуу колдонулат. Дарстардын негизги милдети – студенттерди манастаануу илими боюнча билимдер тутуму менен тааныштыруу. Дарстар дисциплинанын программасында камтылган негизги маселелерди чагылтат. Материалды баяндап берүүдө дарстардын ар кыл түрлөрү: киришүү дарсы, проблемалуу дарс, илгерилетүүчү дарс, серептик дарс, жыйынтыктоочу дарс колдонулат. Окутуучу студенттердин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, теманын жеке маселелерин талдоо, жалпылоо, өзгөчөлүктөрүн айкындоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу милдетин астыга коёт. Бул милдетти чечүү үчүн дарстарды өтүүдө проблемалуу жана маалыматтык маселелерди коюу, маселени чечүү жолдорун айтууну сунуштоо, практикадан жана иш тажрыйбадан мисалдар келтирүү, бир эле маселе боюнча ар кыл көз караштарды айтуу ыкмаларын колдонууга болот.

Практикалык сабактар теориялык жана практикалык мүнөздөгү суроолорду камтыйт. Талкууга коюлуучу маселелер мазмундуу, актуалдуу келип, алган билими боюнча жоболорду чагылтууга тийиш. Практикалык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге каралып жаткан маселе боюнча өз көз карашын айтууга жана аны талкуу учурунда коргоого үйрөнүүгө жол ачат. Анда студенттердин илимий маалымат менен иштей билүү, чечимдерди талдай жана жалпылай , кабыл ала жана негиздей билүү билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу, өркүндөтүү дидактикалык маселелери чечилет.

**Аналитикалык жалпылоо** – окулганды суммалоону, кошууну болжогон жазуу ишинин түрү. Окулгандын негизинде түзүлөт, окулганды туура түшүнүүнү чагылтат. Макалада же китепте камтылган материал жалпыланчу жана кыска бааланчу жазуу иши.

**“Биргелешип издөө” дискуссиясы** – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн терендетүү максатында талкуу жүргүзүү. Жетелөөчү суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт.

**Венндин диаграммасы** – бири-бири менен кесилишкен айлана түрүндөгү схема, ал фактыларды, көрүнүштөрдү, идеяларды салыштыруу үчүн колдонулат. Схема айырмаларды да, окшоштуктарды да аныктоого жардамдашат.

**Дискуссия** – туура ыкмаларды гана колдонуп, акыйкаттыкка жетүүгө багыттаган талаш. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Анын максаты түрдүү көз караштарды кароо , акыйкаттыкты издөө, табуу болуп саналат.

**Жуптарда иштөө** – проблеманы, суроону жуп-жуп болуп талкуулоо. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

**Кайчылаш дискуссия** – эки ача суроонун негизиндн эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

**Кичи топтордо иштөө** – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети.
Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

**РАФТ** – студенттерди “Роль-Аудитория-Форма-Тема” жол-жобосу аркылуу өткөрүүнү болжогон чыгармачыл жазуу ишинин түрү. Белгилүү бир стилде чыгарма жазууга үйрөтүү болжонот.

**Ротация усулу менен пикир алмашуу** – чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, маселелерди, проблемаларды белгилүү бир схема боюнча талкуулоо.

**Түрдүү булактар боюнча баяндама** –изилдөө керек болгон суроолорду жана ошол суроолорго ар кыл булактардан (окуу-усулдук, илимий ж.б) табылган жоопторду камтыган жадыбалдын негизинде жазуу ишине даярдануунун ыгы. Студенттер тема боюнча суроолорду коюшат да, түрдүү китептерден аларга жооптор издешет.

**Эссе** – конкреттүү себеп же маселе боюнча жекече таасирлер менен пикирлерди чагылтуучу, баяндоонун предметин аныктоого жана аягына чыгарууга талаптанбаган, көлөмү чакан жана композициясы эркин прозалык чыгарма. Темага карата жекече мамиле ачылат.

**7. Жетишүүнүн күндөлүк текшерүүнүн, арадагы аттестациянын жана окуу дисциплинасында ишке ашырылуучу компетенциялардын баалоочу каражаттары**

Бардык багыттын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын себили түзүлгөн (1-тиркеме) . Ага 1-2- модулдун (арадагы аттестациянын, экзамендин) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн модулдун жана экзамендин билеттери кирет.

**8. Окуу дисциплинасы боюнча текшерүүчү-баалоочу ишмердүүлүктү уюштуруу**

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук, тесттик текшерүү жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, "эң жакшы" – 86-100 упай, "жакшы" – 76-85 упай, "орто" – 60-75 упай, "жаман" – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (экзамен) оозеки формада өткөрүлүп, ал үчүн үч суроодон турган билеттер даярдалат. Билеттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат. Студенттердин билеттердин суроолоруна берген жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, "эң жакшы" – 86-100 упай, "жакшы" – 76-85 упай, "орто" – 60-75 упай, "начар" – 0-59 упай). Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (экзаменден) бошотулат.

| | |
|---|---|
| **Окутуунун натыйжаларын баалоонун формалары жана усулдары** | Лекциялык жана практикалык сабактар үчүн жумушчу дептерди, альбомдорду текшерүү жана баалоо.<br>Күнүмдүк практикалык сабактарда студенттерди оозеки сурамжылоолор (күндөлүк текшерүү) аркылуу билимдерди баалоо<br>Даярдалган билеттер боюнча оозеки формада модулдук текшерүү, тест жана арадагы аттестация (экзамен) өткөрүү жана алардын натыйжаларын баалоо |

**9. Студенттин дисциплина боюнча модулдагы, баа коюлуучу зачеттогу (экзамендеги) жоопторун баалоо**

| **Модулдун баа коюлуучу зачеттун (экзамендин) баасы** | | **Билимдерге коюлуучу талаптар** |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу баалоо** | |
| | 5- «эң жакшы» | «Эң жакшы» деген баа студентке, эгер ал программанын материалын терең өздөштүрсө, аны толук, ырааттуу, так баяндаса, теорияны практикага тыгыз байланыштыра билсе, билимдерин тапшырмаларды, суроолорду ж.б. аткарууда эркин колдонсо, тапшырманын түрүн өзгөрткөн учурда жооп |

| | | |
|---|---|---|
| 86 - 100 | | берүүдөн кыйналбаса, практикалык тапшырмаларды аткаруунун ар тараптуу көндүмдөрү менен ыкмаларына ээ болсо коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 76 - 85 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал материалды бекем билсе, аны мазмундуу баяндаса, практикалык, лабораториялык менен тапшырмаларды чечүүдө теориялык жоболорду туура колдонсо, аларды аткаруунун зарыл көндүмдөрү менен ыкмаларына ээ болсо коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 60 - 75 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал негизги материалдын гана билимдерин билсе, бирок анын деталдарын өздөштүрбөсө, так эместиктерге, анчалык туура эмес аныктамаларга жол берсе, практикалык иштерди аткарууда кыйынчылыктарга кабылса. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 0 - 59 | 2 – «начар» | «Начар» деген баа студентке, эгер ал программалык материалдын чон бөлүгүн билбесе, маанилүү каталарга жол берсе, практикалык иштерди ишеничсиз, чоң кыйынчылыктар менен аткарса коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |

## 10. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда ( лекциялык же практикалык сабакка), ал ошол аудиториялык иштин (лекциянынын же практикалык сабактын) программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган лекциянын конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, илимий адабияттардан жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

**11.Дисциплинанын окуу - усулдук жана маалыматтык камсыздоосу**
**Сунушталуучу окуу басылмаларынын, кошумча адабияттардын тизмеси:**

**Негизги булактар (НМУнун китепканасында бар):**


1. *Бакчиев Т.* Манасоведение.- Б.: ИЦ Текник, 2008
2. *Байгазиев С.* Манастаануу.- Б.: “Гүлчынар”, 2010


**Кошумча адабияттар**


1. Абдылдаев Э. “Манас” эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн этаптары. – Ф.: Илим, 1981
2. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун эпикалык формулалары. - Б.: 1997
Манас энциклопедия. I, II т. - Б.: 1995
3. Жакыпбек А. Теңири Манас. - Б.: 1995.
4. Исаков Б. “Манас” эпосун окутуу. –Б., 1989
5. Кыдырбаева Р. Мезгилдер, муундар жана манасчы. - Б.: 2004
6. Юнусалиев Б. М. «Манас» - героический эпос киргизского народа. - Ф.: 1968


**12. Окуу дисциплинасынын материалдык – техникалык камсыздоосу**

**Дисциплинанын материалдык-техникалык, окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздалышы:**

Окуу аудиториясы, компьютердик класс, доска, маркер, бор, ж.б. каражаттар